

# Ачык сабак

Тема:
“Көп орундуу сандарды бир орундуу сандарга бөлүү”

Предмет: математика
Класс: 4-к
Мугалим: Алымбаева Н. Б

Бишкек 2020

Сабактын темасы: «Көп орундуу санды бир орундуу санга бөлүү»

Сабактын тиби: билим жана билгичтиктерин өркөндөтүү

Сабактын формасы: эсеп чыгаруу, оюн,

Колдонулган методдор: түшүндүрүп-иллюстрациялоо метод, репродукивдүү метод

Сабактын жабдылышы: окуу китеби, дептер, калемсап, уюлдук телефон, анимацияланган слайддар.

| № | максаттары | көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк<br>Көп орундуу санды бир орундуу санга бөлүү эрежелери менен таанышышат. | -көп орундуу сандарды бир орундуу санга бөлүүнүн айырмачылыгын айта алса, мамыча түрүндө жазып бөлүү менен көрсөтсө:<br>-көп орундуу сандарды бир орундуу санга бөлүүдө чоң разрядынан баштап бөлүү керектигин, бөлгөндө тийинди канча орундуу сан болоорун алдын ала айта алса:<br>-мисалдарды ооз эки эсептесе |
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк :<br>Ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, билгичтиги, тапкычтыгы өнүгөт. Математикалык түшүнүгү калыптанат. | -ой жүгүртүүсү, эске сактоосу, билгичтиги, тапкычтыгы өнүксө. Математикалык түшүнүгү калыптанса. |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк:<br>Окуучулар тактыкка, тыкандыкка, эрежелерди турмушта колдоно билүүгө тарбияланышат | -өзүн сабак учурда алып жүрө алса<br>-тактыкка, тыкандыкка, эрежелерди турмушта колдоно алса. |

Сабактын жүрүшү:

| № | Сабактын этаптары | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети |
|---|---|---|---|
| 1 | Уюштуруу:<br>1.1Саламдашу у | Саламатсыңарбы, сүйүктүү окуучулар! Кутман күнүңөр менен. Силерди кызыктуу | Мугалим менен саламдашат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 1.2Шык тандыруу | математика сабагына чакырам. Маанайыбыз жакшы болуш үчүн бири-бирибизге күлүп коёлу. (1 слайд)<br>Сабак учурунда тоскоолдук (2 слайд) жаратпагандай кылып, окуу куралдарынарды ыңгайлуу коюп алгыла.<br>Сабактын башында ооз эки эсептеп, өтүлгөн темаларды кайталап алалы.<br>1) Келгиле балдар угуп жазууга машыгып алалы. Көп орундуу сандарды мен окуйм, силер уккан санды жазасыңар.<br>1. 945478<br>2. 52344<br>3. 2634135 азаматсыңар! Текшеребиз. Кимдер ката кетирсе оңдоп, эсиңерге сактагыла.(3 слайд)<br>Балдар эми ушул сандарды дептерге сулуу, таза, цифраларды элементи менен жазабыз. | Сандарды угуп жазып. Текшеришет. Каталары болсо оңдошот. |
| | 1.3 Кайталоо | (4 слайд) Келгиле балдар, өтүлгөн темалар боюнча кайталап алалы. Бул бөлүүнүн кандай эрежелери? Берилген эсептерди тиешелүү эрежеге таянып чыгаргыла, аны топторго бөлгүлө?<br>Азаматсыңар балдар, бул 1) каалаган санды бирге бөлсө, ошол сан келип чыгат. 2) каалаган санды нөлгө бөлсө, нөл келип чыгат. 3) санды өзүнө бөлсө бир келип чыгат. (5 слайд)<br>Балдар берилген бул сандарды 9 га кичирейткиле. Бөлүү тез жана оңой болушу үчүн, эмне кылсак болот? | Туура топторго бөлүп, бөлүүнүн касиеттерин айтышат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Балдар жоопторду текшерип алгыла<br>(6 слайд)<br>Мамыча түрүндө чыгарылышын ким түшүндүрөт?<br>(7 слайд)<br>Азаматсыңар, балдар! | 9 дун жадыбалын кайталап, аягы нөл менен бүткөн сандарды бөлүү эрежелерин кайталашат.<br><br>Окуучулар суроолорго жооп беришет. |
| 4 | Негизги бөлүм | ( 8 слайд)<br>Бөлүүгө карата мисал маселе иштөөнү улантабыз. Бүгүнкү биздин тема: “ Көп орундуу сандарды бир орундуу сандарга бөлүү”<br>(9 слай)<br>Балдар, бүгүнкү сабакта;<br>- көп орундуу сандарды бир орундуу сандарга бөлүүдөгү толук же кыскача жазылыштарды билесиңер;<br>- мамыча түрүндө жазып бөлүүнү үйрөнөсүңөр;<br>-мисалдарды ооз эки эсептейсиңер;<br>-математикалык амалдарды аткаруу эрежелерди турмушта колдоно билесиңер;<br>(10 слайд)<br>6321:7 мамыча түрүндө түшүндүрүп чыгаруу.<br>(11 слайд)<br>4581:9 эсебин балдар өз алдынча мамыча түрүндө толук эсептеп, | Угуп, түшүнүшөт.<br>Окуучулар суроолорго жооп беришет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кыскача жазуу менен эсептеп чыгарышат<br>(12 слайд) текшерүү. | |
| 5 | Эс алуу минутасы (оюн) | Азаматсынар! | Видеону карап, көнүгүү жасашат. |
| 6 | Бышыктоо | (13 слайд)<br>Балдар силер менен тең, 4-класстын окуучучу бул амалдарды туура аткардыбы? Тууралыгын түшүндүрүү менен текшергиле.<br>(14 слайд)<br>Кайсы жаныбар, кандай жемиш алат. Теңдеме чыгарсаңар, жообун табасыңар?<br>Текшеребиз.<br>(15 слайд)<br>Маселе иштөө. Маселени окуп берет.<br>(16 слайд)<br>Маселенин шартын, чыгарылышын жазып чыгаруу. | Амалдарды аткарып, катасын табышат, эмнелен ката кеткенин тушундуруп беришет.<br>Кирпи алманы, коен сабизди, тыйын чычкан алманы, кемчет баклажан алганын табышат, жоопторун айтышат, бири-бириникин текшеришет.<br>Маселенин берилиши менен таанышышат, кыскача шартын жазышат,<br>чыгарып, бири-бириники менен салыштырат. |
| 7 | Жыйынтыктоо | (17 слайд)<br>Жыйынтыктоо<br>(18 слайд)<br>Быйтыкчалардын жардамы менен сабакта түшүнгөнүнөрдү билдирип койгула. | Быйтыкчалардын жардамы менен сабакта түшүнгөнүн билдиришет. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 8 | Баалоо | Окуучулардын билими сабактын максаттарына ылайык баалоо | Окуучулар баа алышат |
| 9 | Үйгө тапшырма | ( 19 слайд)<br>87-бет № 409, 410<br>( 20 слайд) коштошуу | Тапшырманы жазып алышат. |
| | | | |